Баткен облусу Кызыл-Кыя шаары
Караван айылы М.Куренкеев атындагы
орто мектебинин педагогикалык
кеңешмесинин №6

**протоколу**

12.11.2018

Кызыл-Кыя шаары

Караван айылы

Төрайым Мусаева Р

Катчы Бакирова М

Катышкандар 32 мугалим

**Күн тартибинде:** 1. 2018-2019-окуу жылындагы 1-чейрек жыйынтыгы

2. 11-а класстын кыргыз тили жана адабияты, математика сабактарынын окутулушу

3. 8-9-класстардын англис тилинин окутулушу

**1. Угулду:** 1-чейрек жыйынтыгы менен ОББ Амракулова Г билдирүү жасады. Жыйынтык ведомосту тиркемеге тиркелет.

**Токтом кылынды:** 1. 2018-2019-окуу жылындагы 1-чейрек жыйынтыгы "канааттандырарлык" деп табылсын.

2. Ар бир предмет мугалимдерине милдеттендирилсин сабактарды талаптагыдай өтүү жагы

3. Көзөмөлдөө ОББна милдеттендирилсин.

**2. Угулду:** Экинчи маселе боюнча кыргыз тили жана адабияты мугалими Асанова Мирзада билдирүү жасап, төмөнкүлөргө токтолду. 11-класс окуучуларынан кыргыз тили жана адабияты сабактарынан тест алынды. Тесттик суроолор программада өтүлгөн темалар боюнча тандалды. Жалпы 24 окуучу бар. Алардын 22синен тест алынды. Жыйынтыгында "5"-0, "4"-9, "3"-10, "2"-3 көрсөткүч болду. Б/с-40%

11-а классынын **математика сабагынын окутулушу** жана окуучулардын билим сапатын аныктоону текшерүү Дуйшеева Уулчагаберилген. Мугалим төмөнкүлөргө токтолду. 11-а класска математика сабагынан Ажибаева Ибадат сабак өтөт. Мугалимдин предмет боюнча билими жетиштүү. Сабак өтүү деңгээли талапка жооп берет. 11-а класста 24 окуучу бар, анын 22си текшерилди. "5"-2, "4"-7, "3"-13 жыйынтыкты берди. Ошондо билим сапаты 40% түздү.

**Токтом кылынды:** 1. Кыргыз тили жана адабияты сабагынын жыйынтыгы боюнча жогорудагы предметтердин окутулушу “канааттандырарлык” деп табылсын.

2. “Жакшы” деген жетишкендикке жеткирүү жагы предмет мугалими Бакирова Мга милдеттендирилсин

3. Математика предметинин 11-а класста билим сапаты “канааттандырарлык”деп табылсын.

4. Мындан ары математика сабагын терендетип окутуу Ажибаева Ибадатка милдеттендирилсин.

5. Жогорудагы жыйынтыктарга көзөмөлдөө жагы ОББ Амракулова Гулмирага жүктөлсүн.

**3. Англис тили сабагынын 11-класста окутулушун текшерүү**

Шайдуллаева Алайгулгө жүктөлгөн болчу. Текшерүүнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

А) Сабагына катыштык.

Б) Журнал,дептерлери текшерилди.

8-а, 8-б класстарына Жаңыбай кызы Айкөкүл сабак өтөт. Ага сунуш: мугалимдердин сабактарына көбүрөөк катышыш керек. Сабак өтүүдө изденүү керек. О.э. курска баруусун сунуштаймын.

**Токтом кылынды:** 1 .8-а жана 8-б класстын англис тили сабагынын билим сапаты “канааттандырарлык” деп белгиленсин.

2. 8-а жана 8-б класстарынын англис тили мугалими Жаңыбай к. Айкөкүлгө милдеттендирилсин изденип, көбүрөөк даярданып сабак өтүү жагы.

3. Көзөмөлдөө ОББ Амракулова Гулмирага жүктөлсүн.

Төрайым: Р.К.Мусаева

Катчы: М.К.Бакирова